КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
ОРТО-КАЙЫҢДЫ
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ОРТО- КАЙЫНДЫ

**IV- сессия** **I – чакырылыш**

## ТОКТОМ № 17 __

24- март 2025-ж. Вознесеновка а.

**“Жайыттарды мал жаюуга байланышпаган башка максаттарга пайдалануу үчүн акы төлөөнү бекитүү ” .**

Орто-Кайыңды айыл өкмөтүнө караштуу “Демилге” МИ жетекчиси Абдыраева А.О. “Жайыттарды мал жаюуга байланышпаган башка максаттарга пайдалануу үчүн акы төлөөнү” бекитип берүү сунушун угуп жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 13-сентябрындагы № 515 “ Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү тартиби жөнүндө” токтому менен бекитилген “ Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүүнүн тартиби жөнүндө Типтүү жобонун “ негизинде Орто-Кайыңды айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Орто-Кайыңды айыл аймагында жайыт ресурстарын 2025-жылга мал жаюуга байланышпаган башка максаттарга пайдалануу үчүн төлөмдүн наркы 1-гектарга 42 000 миң сом, Суусамыр өрөөнүндөгү жайыт пайдалануунун сезондук мүнөзүнө байланыштуу жайыттарды мал жаюуга байланышпаган башка максаттарда пайдалангандыгы үчүн төлөмдүн наркы 1 гектарга 21 000 миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

2.Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо “Демилге“ МИ жетекчиси Абдыраева А.О тапшырылсын.

3.Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин жер, жайыт архитектура, курулуш, экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага К.Мырзагелдиев.